# Табигый-математикалык илимдер кафедасынын илимий-изилдөө иштери

Кафедранын мүчөлөрү «Табигий-математикалык сабактарды аралыктан окутуунун илимий-методикалык мамилесин өркүндөтүү жолдору» аттуу жалпы илимий теманын алдында илимий – изилдөөчүлүк иштерди аткарышат.

Кафедранын профессордук-окутуучулар курамынын илимий-методикалык изилдөөлөрүндө төмөндөгүдөй маселелер коюлган:

- студенттердин алган билимдерин практикада колдоно билүүсү;
- ойлоо жөндөмдүүлүгүнүн максаттуу өнүгүүсү үчүн окутуунун жаңы технологияларын колдонуу;
- ЖОЖдун жана мектеп курсундагы окутуунун мазмунун жаңылоо;
- окутуунун усулдарын өркүндөтүү, илимдин өзгөчөлөнгөн тармактарын эске алып, аларды окуп үйрөнүүдө теория менен практиканы ажырагыс бирдикте карап колдонуу менен билим, билгичтик жана көндүмдөрдү калыптандыруу максатта колдоно билүү;
- жалпы маданий денгээлди жогорулатуу, интеграцияланган билимге, билимдин практикалык негизин кеңейтүүгө, окуудагы сынчыл ойломду өнүктүрүүсү каралат.

Бул маселелер монографияларда, окуу китептеринде, окуу куралдарында, окуу методикалык колдонмолорунда жана усулдук адабияттарда, макалаларда чагылдырылат.

Жыл сайын институттун Окуу методикалык кеңешинде профессордук-окутуучулар курамынын илимий-методикалык семинарларынын планы бекитилет.

Илимий-методикалык семинарлардын алкагында төмөндөгүдөй суроолор талкууланат:

- Заманбап окутуунун педагогикалык технологияларын киргизүү;
- Маалыматтык технологияларды жана колдонмолорду колдонуу;
- Билим берүүнүн мотивациялык негизин калыптандыруу:
- Студенттердин окуудагы жетишкендиктеринин деңгээлин аныктоо, окуу процессинин эфективдүүлүгүнүн мониторинги;
- Компетенттүүлүктү жогорлатууга багытталган программалык курстардын мазмунун жакшыртуу;
- Болочок педагогдордун кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруу проблемасы;
- Табигый — математикалык багыттардагы теориялык жана практикалык актуалдуу проблемалар;

- Заманбап билим берүү мейкиндиги: проблемалары жана өнүгүү денгээли ж.б.

Ошондой эле кафедрада изденүүчүлөрдү даярдоо жана илимий жетекчилик иштерди жүргүзүшөт. Ар дайым кафедранын жыйындарында изденүүчүлөрдүн илимий диссертациялык иштери талкууланып турат. Студенттер үчүн илимий изилдөө иштерин жүргүзүү боюнча усулдук лекциялар өткөрүлүп турат. Институттун денгээлинде өткөрүлгөн мындай семинарларга студенттер жана изденүүчүлөр активдүү катышып турушат.

Илимий жана илимий-педагогикалык кадрларды даярдоо — билим берүү тармагындагы кафедранын негизги милдеттеринин бири болуп саналат. Илимдин докторлугу окумуштуулук даражасы үчүн изденип жаткан кафедранын мүчөлөрү: Белеков К.Ж., Эгембердиев Ш.А., Темирова С.А., Халилова Г.Т.; азыркы учурда илимдин кандидаты окумуштуулук даражасы үчүн изденип жаткан кафедранын мүчөлөрү: Керимканова У.А., Мадиева А.М.

**Окутуучулар курамынын 2023-жылда жарык көргөн илимий макалалары:**

1. Белеков К.Ж., Эгембердиев Ш.А. Решение дифференциальных уравнений с переменными коэффициентами операционным методом. //Вестник КГУ им.И.Арабаева, 2023 г., №1, С. 67-71
2. Кочуманов М.Т. Методы реализации проектов государственно-частного партнерства. //Вестник КГУ им.И.Арабаева, 2023 г., №1, С. 387-389
3. Мадиева А.М. Механизмы измерения компетенций студентов, обучающихся в условиях дистанционного обучения //Bulletin of Science and Practice (Бюллетень науки и практики), 2023, Российская Федерация.
4. Керимканова У.А. Математиканы окутуу боюнча башталгыч мектептин мугалимдери үчүн методикалык колдонмолорду иштеп чыгуу маселелери //Новосибирск, 2023 г.